

# Кызматым элим үчүн

# № 10

# Шадыманов Бакытбек Адылбекович

## Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер

**Урматтуу мекендештер !**

Кыргызстандыктар жана Баткен окуругунун №2 шайлоо округунун тургундары. Өзүңүздөргө маалым болгондой №2 шайлоо округунан 10 киши Жогорку Кеңештин бир мандаттуу талапкерлигине ат салышууда. Талапкерлердин арасында активист, спорт чөйрөсүнө белгилүү инсан, 2021-2022-жылдардагы чекара жаңжалдарында өз мекени үчүн күрөшкөн, элдин эртеңки келечеги үчүн талыкпай эмгектенип жүргөн баатыр жигит Шадыманов Бакыт Адылбекович да бар. Шадыманов Бакытбек Адылбекович буга чейин активдүү жаран катары чегара маселесин, элдин социалдык абалы, футбол, спорт жана бир катар көйгөйлүү маселелерин видеокайрылуулар аркылуу, соц. тармактар аркылуу көтөрүп, тиешелүү органдарга, бийлик жетекчилерине жеткирип келе жатат.Жаштарды колдоп спорт менен машыгууга үндөп келет, спорттун футбол, күрөш, улак түрлөрүн активдүү колдоп келет. Жаш муунга багыт көрсөтүп туура жол тандоого өз салымын кошуп келет. Урматтуу шайлоочу! Бакыт Адылбековичти тандасаңыз жаңылбайсыз.


НУР-БАТКЕН
НФК
2018
#10
УБЛИКАСЫ
Н МАМЛЕКЕ
РАЦИЯСЫ

я –
ык
оситеттерге
уу,
рдук
асынын
а
ада сатып
сттик сүзүү
порт-
үнүн өкүлү.
айдагы
ын сапатын
патенттин
ктүрүү
ы тартуу




**Баткенге «Аскерий Университетин»**

ачылуусу пландалууда.Өзүңүздөргө маалым болгондой Баткен облусунун облус катары түптөлүшүнө да чек ара себеп болгон. Тагыраагы, Советтер Союзу ыдырагандан кийин 1999 - жылы можахеддер Баткен районунун Кожо Ашкан, Зардалы аймагы тарабынан түшүп, бир канча адамдардын канына забын болуп, бир катар жарандарыбыздын колго түшүшү менен коштолгон. Эл эвакуация болгон. Бул окуядан кийин тунгуч Президент Аскар Акаев Баткен облусун түзүү боюнча көтөрүлгөн маселени колдоп, жарлыкка кол койгон. Ошентип, 1999-жылы 13-октябрда Баткен облусу болуп түптөлгөн.Мындан сырткары, Баткенде Тажикстан менен чегара боюнча чыр чыгып, 2021-2022- жылдары Тажикстан кол салды. Бүгүнкү күндө азыркы Президент Садыр Жапаров баштаган бийлик чек ара чырларына чекит коюу максатында бир катар дипломатиялык иш аракеттерге барып, кээ бир маселелер талкууланып, айрым талаштуу жерлер чечилип жатканы кабарланууда. Бирок, мамлекеттин коопсуздугу, Баткен элинин тынч жашашы үчүн мамлекетке гана басым жасап, карап отуруунун кереги жок экендигин түшүнгөн Шадыманов Бакыт Адылбекович Баткен облусуна «Аскерий Университет» ачууну көздөп, жеке каражаты менен түптөөнү көздөөдө. Бакыт Адылбековичтин өзүнүн айтымына караганда мамлекеттик бюджеттен бир сом каражат кетпейт. Бул иштер боюнча Кыргыз Республикасынын Коргоо Министрлиги менен бир катар сүйлөшүүлөргө барып, демилгелеп жатат. Баткен району № 2 бир мандаттуу шайлоо округудан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Шадыманов Бакытбек Адылбекович, буга чейин 2021-2022- жылдардагы чек ара жаңжалдарындагы окуяларга активдүү катышып, Кыргыз Республикасынын күч түзүмдөрү менен тыгыз иштешкен. Айрыкча, кыргыз армиясына колдоо көрсөтүп, жакындан жардам көрсөткөн.

## Өмүр баян

1.Туулган жылы жана орду:1984.11.11. Бишкек шаары

2.Билими:

·2001- ж. Баткен облусунун Бакен шаарындагы Баткен – гимназия – мектебин бүтүрүүчүсү.

·2001-ж. География предмети боюнча окуучулардын Республикалык олимпиадасына катышып, төртүнчү орунча ээ болгон. Уюштуруу комитстинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Бир нече университеттерге экзаменсиз кабыл алууга чакыруу келген.

·2001-2006 ж. Бишкек Гуманиардык Университетинде "Чыгыштануу, африканистика" адистиги боюнча чыгыштаануучу, африканист квалификация сы ыйгарылды. Профиль Кытай, кытай тили.

·2005-жылы Кытай тили "Кытай көпүрөөсү" Республикалык оратордук конкурсунун жеңүүчүсү 2- орун.

·2006- жылы "21 – кылымдын Кадрлары" Президенттик программасынын жеңүүчүсү. Кытайдын борбору Пекин шаарындагы Кытай Элдик Университетине өткөн.

·2006-2007- ж. Кытай Элдик Университетинде Кытай тили боюнча квалификациясын жогорулаткан.

3. Иш тажырыйбасы:

·2007-2008 – ж. Кытай, Гуанджоу шаарында эмерек компаниясында сатып алуу бөлүмүндө менеджер.

·2008-2009 –ж. "Кытай – Орусия ортосунда кеме сатып алууда тесттик сүзүү жана техникалык суроолор боюнча котормочу.

·2009-2010 – ж. Орусиянын Кытайдагы, Шанхай шаарындагы экспорт-импорт компаниясында котормочу андан кийин өкүлү.

·2010-2011 – ж. Орусиянын Кытай, Шанхай шаарында өкүлчүлүгүнүн өкүлү.

·2011-2013 – ж. Орусиянын "Металлпрофил" компанасынын Кытайдагы өкүлү. Сатып алуу, котормочулар менен камсыздоо, продукциянын сапатын контролдоо.

·2013 – ж. Кыргызстан, Бишкек, курулуш тармагында ыктыярдуу патенттин негизинде иш алып баруу.

·2014-ж. ОсОО "Темир Ордо" Ген. Директор

·2018 –ж.ОсОО "Кум Ордо" Ген. Директор.

4. Коомдук иштер:

·Спортту өкүктүрүү, спортчуларга көмөк көрсөтүү.

·Мамлекиттин коопсуздуугу боюнча коомдук иштер.

5. Хобби: Футбол, Балык улоо, Бодибилдинг.

6. Тил билуусу: Кыргыз, англис, кытай жана орус.

### Шайлоо программасы:

1 Күчтүү мамлекетти түзүү
2 Түрк биримдиги
3 Тил реформасы
4 Региондорду өнүктүрүү
5 Жумушчу класс
6 Инвестицияларды тартуу